53. В графе 3 учитывается численность специалистов-**техников**. К ним относятся работники, которые участвуют в проведении научных исследований и разработок, выполняя технические функции, как правило, под руководством исследователей (эксплуатацию и обслуживание научных приборов, лабораторного оборудования, вычислительной техники, подготовку материалов, чертежей, проведение экспериментов, опытов и анализов и т.п.). В эту категорию обычно включаются лица, имеющие законченное среднее специальное (профессиональное) образование и (или) необходимый профессиональный опыт и знания. Техники могут иметь законченное или незаконченное высшее образование.

54. В графе 4 учитывается **вспомогательный персонал**, к которому относятся работники, выполняющие вспомогательные функции, связанные с проведением научно-технических работ и услуг: работники планово-экономических, финансовых подразделений, подразделений научно-технической информации, научно-технических библиотек, патентных служб, а также работники, осуществляющие монтаж, наладку, обслуживание и ремонт научного оборудования и приборов; рабочие опытных (экспериментальных) производств; лаборанты, не имеющие высшего и среднего специального образования.

55. В графе 5 учитываются прочие работники по хозяйственному обслуживанию и выполняющие функции общего характера, связанные с деятельностью организации в целом (работники бухгалтерии, кадровой службы, канцелярии, подразделений технического обеспечения (маркетинга), машинистки и т.п.).

56. В графе 6 высшие учебные заведения учитывают численность научно-педагогических работников ВПУЗов, не состоящих в штате научно-исследовательских подразделений, но выполняющих научные исследования и разработки на кафедрах ВПУЗов (в том числе наряду с научно- педагогической деятельностью) по утвержденному плану научных работ или на основе договоров.

57. По строке 503 учитываются работники, имеющие законченное высшее образование, из них по строкам 505 и 507 показывается численность специалистов, имеющих ученую степень доктора наук или кандидата наук. По строке 509 необходимо указать численность работников с законченным средним профессиональным образованием и незаконченным высшим образованием. По строке 511 указывается численность прочих работников со средним или незаконченным средним профессиональным образованием.

## СПРАВКА № 3.

58. Данные о списочной численности работников в среднем за год, выполняющих научные исследования и разработки, приводятся по работникам, указанным в пункте 47 инструкции.

## РАЗДЕЛ VI. Квалификационно-возрастной состав работников, выполнявших научные исследования и разработки

59. Данные раздела приводятся по работникам, состоящим в списочном составе организаций без учета совместителей и лиц, работающих по договорам гражданско-правового характера.

60. В графах 2-6 указывается возраст специалистов, который определяется по числу полных лет.

Данные приводятся на основании карточек первичного учета личного состава (карточек учета кадров).

61. Сумма данных в графах 2-6 по всем строкам должна быть равна данным графы 1.

62. Данные о численности работников, выполнявших научные исследования и разработки на конец отчетного года, приведенные по строке 601 в графе 1 должны быть равны соответствующим данным строки 501 графы 1 раздела V; данные по строкам 602, 604 и 606 в графе 1 должны быть равны соответствующим данным по строкам 501, 505 и 507 графы 2 раздела V.

## РАЗДЕЛ VII. Распределение специалистов-исследователей по отраслям наук (на конец отчетного года)

63. Распределение **специалистов-исследователей** осуществляется на основании тематики выполняемых ими работ.

64. По строкам 702-725 численность исследователей, приведенная по строке 701, распределяется по следующим укрупненным областям наук: естественные науки (строка 702), технические науки (строка 709), медицинские науки (строка 710), сельскохозяйственные науки (строка 711), общественные науки (строка 712), гуманитарные науки (строка 720).

Перечень конкретных отраслей и некоторых подотраслей науки, относящихся к соответствующим областям науки, приведен в таблице № 2. При этом рекомендуется руководствоваться Номенклатурой специальностей научных работников, утвержденной Приказом Министерства образования и науки, ВАК, Национальной Академии наук Кыргызской Республики № 8 с/с - 3/1 от 9.11.95.

65. Данные строки 701 графы 1, 2, 3, 4, 5, 6 должны быть равны соответственно данным графы 2 по строкам 501, 502, 505, 506, 507, 508 раздела V.

66. Данные строки 701 графы 3, 4, 5, 6 должны быть равны соответственно данным графы 1 по строкам 604, 605, 606, 607 раздела VI.

67. Данные строки 701 графы 1,2 должны быть равны соответственно данным графы 1 по строкам 602, 603 раздела VI.

**Таблица № 2**

## ОТРАСЛИ НАУКИ

(в соответствии с Номенклатурой специальностей научных работников, утвержденной Приказом Министерства образования и науки, ВАК и Национальной Академии наук Кыргызской Республики № 8 с/с - 3/1 от 9.11.95.)

| Области науки | Отрасли науки | Коды отраслей наук |
|---|---|---|
| 1 | 2 | |
| Естественные науки | Математика<br>Механика<br>Физика<br>Астрономия<br>Химия<br>Фармацевтическая химия/<br>Биологические науки<br>Психофизиология<br>Геолого-минералогические науки<br>Географические науки<br>(кроме экономической и социальной<br>географии 11.00.02) | 01.0100<br>01.02.00<br>01.04.00<br>01.03.00<br>02.00.00<br>15.00.02<br>03.00.00<br>19.00.02<br>04.00.00<br>11.00.00 |
| Технические науки | Технические науки<br>Архитектура зданий и сооружений | 05.00.00<br>18.00.02 |
| **Медицинские науки** | Медицинские науки<br>Фармацевтические науки<br>кроме фармацевтической химии | 14.00.00<br>15.00.00<br>15.00.02 |
| **Сельскохозяйственные науки** | Сельскохозяйственные науки<br>Ветеринарные науки | 06.00.00<br>16.00.00 |
| **Общественные науки** | Экономические науки<br>Юридические науки<br>Педагогические науки<br>Психологические науки<br>(кроме психофизиологии 19.00.02)<br>Социальные науки<br>Политические науки<br>Другие общественные науки:<br>- экономическая и социальная география<br>- градостроительство, районная планировка, ландшафтная архитектура и планировка сельскохозяйственных населенных мест | 08.00.00<br>12.00.00<br>13.00.00<br>19.00.00<br><br>22.00.00<br>23.00.00<br><br>11.00.02<br>18.00.04 |
| **Гуманитарные науки** | Исторические науки<br>Философские науки<br>Филологические науки<br>Искусствоведение<br>Теория и история архитектуры, реставрация памятников архитектуры | 07.00.00<br>09.00.00<br>10.00.00<br>17.00.00<br>18.00.01 |

## ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ИШТЕРДИ АТКАРУУ ТУУРАЛУУ ОТЧЕТТУ ТҮЗҮҮ ЖАНА ТАПШЫРУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ НУСКАМА

### Жалпы жоболор

1. Илимий-техникалык иштерди аткаруу жөнүндө статистикалык отчеттуулук негизги ишмердигинин түрү илимий-изилдөө жана иштеп чыгуу тармагында болгон бардык юридикалык жактар, ишканалар, жогорку окуу жайлары, долбоорлук-конструкторлук, технологиялык, долбоорлук, долбоорлук-изилдөө мекемелери жана курамында отчеттук жылда **илимий-техникалык иштерди** аткарган бөлүмчөлөрү бар башка уюмдар тарабынан түзүлөт.

**Илимий-техникалык иштерге** илимий изилдөөлөр менен иштеп чыгуулар долбоорлук-конструкторлук, технологиялык, курулуш үчүн долбоорлук иштер, чыгарылган нерселердин (продукциянын) тажрыйбалуу үлгүлөрүн даярдоо, ошондой эле илимий-техникалык тейлөөлөр.

Эгерде уюмдун өзүнчө структуралык бирдик катары иштеген, бирок өз алдынча балансы жок баш ийген филиалдары, бөлүмдөрү же башка бөлүмчөлөрү бар болсо, анда ал структуралык бирдиктер боюнча маалыматтар башкы уюмдун отчетуна киргизилет. Эгер мындай филиалдар, бөлүмдөр же башка бөлүмчөлөр өз алдынча балансты турса, өзүнчө отчет беришет; эгер алар башка облустун аймагында жайгашкан болсо, жайгашкан жери боюнча отчет тапшырышат.

2. Уюмдар отчетту отчеттук жылдан кийинки 25-январдан кеч эмес жайгашкан жери боюнча статистика органдарына тапшырышат.

3. Форманын деректик бөлүгүндө административдик каттоого ылайык ишкананын коду коюлат. Ошондой эле экономикалык ишмердиктин түрлөрүнүн, административдик-аймактык бөлүштүрүүнүн классификаторлорунун негизинде коддор коюлат.

Деректик бөлүк учредителдик документтердин негизинде төмөнкү тартипте толтурулат:

а) «Ишкананын (уюмдун, мекеменин) аталышы» сабында отчет берүүчү бирдиктин учредителдик документтерде кабыл алынган, толук аталышы көрсөтүлөт. Толук аталышынан кийин кашаага кыскартылган аталышы (аббревиатурасы) берилет.

б) «Дарек» сабында почталык индекси менен юридикалык дареги көрсөтүлөт.

в) «Ишмердиктин түрү» сабында ишкананын көп профилдүүгүнө караштуу ишмердиктин негизги түрү көрсөтүлөт.

г) Деректик бөлүктү толтурууда бардык маалымдаректеринин так жазылгандыгына көңүл буруу керек.

4. «Ишкананын, уюмдун тиби» сабында ишкана менен уюмдун ишмердигинин сектору аныкталганына ылайык отчет бериши ишкана же уюмдун тиби көрсөтүлөт (№1 таблицага ылайык).

**№1 таблица**

**Ишмердиктин секторлор курамы жана ага тийиштүү илимий-техникалык иштерди аткаруучу ишканалар менен уюмдардын типтери**

| Сектордун коду | Ишмердиктин сектору | Уюмдун тибинин коду | Уюмдун тиби |
|---|---|---|---|
| 1 | **Мамлекеттик сектор:**<br>Илимий изилдөөлөр менен иштеп чыгууларды аткаруучу уюмдар жана ведомстволорго караштуу органдар:<br>- Мыйзамдуу жана аткаруучу бийлик;<br>- Илимдер академиясы жана анын бөлүктөрү, Айыл чарба илимдеринин академиясы, Медицина илимдер академиясы;<br>- Баштапкы жана орто билим берүүнү тейлөөчү | 1 | Республикалык министрликтердин жана борбордук ведомстволордун уюмдары |
| | | 2 | Илимдер академиясынын жана тармактык академиянын тутумундагы уюмдар |
| | | 3 | Республикалык, облустардын, крайлардын, шаарлардын башкаруу органдарынын уюмдары |

| Сектордун коду | Ишмердиктин сектору | Уюмдун тибинин коду | Уюмдун тиби |
|---|---|---|---|
| | уюмдар;<br>- Маданият министрлигинин, Сүрөт академиясынын уюмдары;<br>- дене тарбия жана спорт, ж.б. уюмдар | 4 | Жергиликтүү (муниципалдык) башкаруу органдарынын уюмдары |
| 2 | **Жогорку билим берүү сектору:**<br>- Илимий изилдөө жана иштеп чыгуу иштерин аткаруучу жогорку окуу жайлар;<br>- Жогорку окуу жайларына караштуу илимий-изилдөө уюмдары; жогорку мектепти тейлөөчү илимий уюмдар | 5 | Университеттер жана башка жогорку окуу жайлар |
| | | 6 | Жогорку окуу жайларына же Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигине караштуу илимий-изилдөө институттары (борборлор) |
| | | 7 | Жогорку окуу жайларына же Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигине караштуу конструктордук, долбоорлук-конструктордук уюмдар |
| | | 8 | Жогорку окуу жайларына караштуу клиникалар, госпиталдар, башка медицина мекемелери |
| | | 9 | Жогорку окуу жайларына караштуу тажрыйбалуу (эксперименталдык) ишканалар |
| | | 10 | Башкалар |
| 3 | **Ишкерчилик сектор:**<br>Өнөр жай (өнөр жай министрликтери, финансы-өнөр жай тобунун, концерндердин, акционердик коомдордун, тармак аралык мамлекеттик бирикмелердин, ассоциациялардын, тармак аралык илимий-техникалык комплекстердин) уюмунун илимий изилдөө жана иштеп чыгууну аткаруучу уюмдары; айыл жана токой чарба уюмдары; курулуш; транспорт; байланыш уюмдары; каржылоо жана кредит берүү тармактары (Борбордук банктан башка); соода; тиричилик жана коммуналдык тейлөө (чарбанын) көрсөтүү | 11 | Тармактык илим изилдөө институттары |
| | | 12 | Конструктордук, долбоорлук-конструктордук, технологиялык уюмдар |
| | | 13 | Курулуштун долбоорлук жана долбоорлук-изилдөөчүлүк уюмдар |
| | | 14 | Өнөр жай ишканалары |
| | | 15 | Тажрыйбалуу база |
| | | 16 | Башкалар |
| 4 | **Жеке коммерциялык эмес сектор:**<br>Илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүүчү ар түрдүү уюмдар | 17 | Ыктыярдуу илимий жана кесиптик коомдор жана ассоциациялар |
| | | 18 | Коомдук уюмдар |
| | | 19 | Кайрымдуулук фонддору |

| Сектордун коду | Ишмердиктин сектору | Уюмдун тибинин коду | Уюмдун тиби |
|---|---|---|---|
| | | 20 | Башкалар |

## I бөлүм. Илимий-техникалык иштерди аткаруу

5.1-графада отчеттук жылдын башынан бери накта аткарылган илимий-техникалык иштердин жалпы наркы (көлөмү), кошумча аткаруучулар (башка уюмдар) жасаган иштердин наркын эсептөө менен бирге берилет; 2-графада отчет берүүчү уюмдардын өз күчтөрү менен аткарылган илимий-техникалык иштердин наркы берилет. Мында бюджеттен каржыланган иштер боюнча 1- жана 2-графаларда - иштердин сметалык наркы, келишимдик чарба иштери боюнча иштердин келишимдик баа менен болгон наркы көрсөтүлөт (кошумча нарк салыгын кошпогондо).

Аткарылган иштердин наркы колдонулуп жаткан (учурдагы) баа менен «Жүктөлгөн товарлар» жана «Продукцияны (иштерди, тейлөөлөрдү) сатуу» эсептери боюнча бухгалтердик эсепбинин жалпыланган маалыматтарынын негизинде аныкталат.

6. 101-сапта аткарылган илимий-техникалык жана башка иштердин (продукциянын, тейлөөнүн) жалпы көлөмү берилет.

7. 102-сапта берилген илимий-техникалык иштердин көлөмүнө илимий изилдөөлөр (илим изилдөө иштери) менен иштеп чыгуулар, ошондой эле илимий-техникалык тейлөөлөр кирет.

8. 103-108-саптарда аткарылган илимий изилдөөлөр жана иштеп чыгуулардын көлөмү көрсөтүлөт. **Илимий изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар** деп илимий билимди жогорулатуу жана аларды тажрыйбада пайдалануунун жаңы тармактарын изденүү максатында системалык негизде ишке ашырылган илимий ишмердүүлүк түшүндүрүлөт.

9. Илимий изилдөө менен иштеп чыгууга ишмердиктин төмөнкү түрлөрү кирбейт:

- билим берүү жана кадрларды даярдоо;

- илимий-техникалык ишмердиктин башка түрлөрү (илимий-техникалык тейлөөлөр, анын ичинде маркетинг ишмердиги; жалпы багыттагы маалыматтарды иштетүү жана алардын жыйымы (эгер мунун конкреттүү изилдөө иштерине тиешеси жок болсо), текшерип көрүү жана стандартизациялоо, долбоорго чейинки иштер, адистештирилген медициналык тейлөөлөр; адаптация, иштеп жаткан программалык камсыздоону колдоо жана коштоп жүрүү);

- өндүрүштүк ишмердик (жаңыдан киргизилген жайылтууну кошкондо);

- башкаруучу жана башка көмөкчү ишмердик (изилдөө жана иштеп чыгуу, аларды каржылоо ж.б. башкаруу органдарынын ишмердиги).

Илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды алар өндүү ишмердиктен айырмалоого мүмкүндүк берген критерий негизги **жаңыланган элементтин** иштелип чыгышы менен изилдениши болуп эсептелинет. Аталган критерийге ылайык конкреттүү долбоор илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга тийиштүү болот же тескерисинче тийиштүү болбойт.

10. 103-сапта отчет берүүчү уюмдар **илимий изилдөөлөрдүн** көлөмүн көрсөтүшөт (илимий изилдөө иштери), алардын курамына фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөр кирет.

11. **Фундаменталдык изилдөөлөргө** (104-сап) бул билимдерди пайдалануу менен байланышкан конкреттүү максатсыз эле жаңы билим алууга багытталган эксперименталдык же теоретикалык изилдөөлөр кирет. Алардын жыйынтыктары - гипотезалар, теориялар, ыкмалар ж. б.. Фундаменталдык изилдөөлөр илимий басылмалардан, илимий натыйжалардан жана башкалардан алынган тажрыйбалардын мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн прикладдык изилдөө жүргүзүү жөнүндө сунуштамалар менен аякташы мүмкүн.

12. **Прикладдык изилдөөлөр** конкреттүү тажрыйбалык маселелерди чечүү максатында жаңы билимдерди алууга багытталган оригиналдуу иштерди түшүндүрөт. Прикладдык изилдөөлөр фундаменталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыгын пайдалануу жолдорун, мурунтан калыптанган көйгөйлөрдү чечүүнүн жаңы ыкмаларын аныктайт.

13. 105-108-саптарда илимий-техникалык иштеп чыгуулардын көлөмү берилет. **Иштеп чыгууларга** изилдөөнүн жана (же) практикалык тажрыйбанын натыйжасында алынган билимге негизделген жана жаңы материалдарды, продуктуларды, процесстерди, түзүлүштөрдү, тейлөөлөрдү, тутумдарды же ыкмаларды түзүүгө багытталган системалык иштер кирет. Бул иштер объектилерди бир кыйла жакшыртуу максатында болушу мүмкүн.

Бул топко ишмердиктин төмөнкү түрлөрү кирет:

Инженердик объектинин же техникалык тутумдун (**конструктордук иштердин**) аныкталган конструкциясын иштеп чыгуу; жаңы объектинин идеяларын жана варианттарын иштеп чыгуу, анын ичинде, белги каражаттарынын (**долбоорлук иштердин**) чийме же башка тутумунун деңгээлиндеги техникалык эмес иштеп чыгуу; технологиялык процесстерди б.а. физикалык, химиялык, технологиялык ж.б. процесстерди аныкталган натыйжа берүүчү (**технологиялык иштер**) жалпы эмгек процесстери менен бириктирүү ыкмаларын иштеп чыгуу.

Иштердин мындай түрлөрү отчеттун 105-сабына **долбоорлук-конструктордук жана технологиялык иштер** катары кирет.

14. Иштеп чыгуулардын курамына (106-сапта) **тажрыйбалуу үлгүлөрдү** (түзүлүп жаткан жаңы нерсенин принципиалдуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон оригиналдуу моделдерди) **түзүү**; маалыматтарды алуу жана тажрыйба топтоо үчүн зарыл болгон убакыт ичинде аларды текшерүү, бул мындан ары техникалык документтерде чагылдырылышы мүмкүн; жаңы киргизилгендерди колдонуу боюнча жумушчу нускамаларды, колдонмолорду, ж.б. даярдоо; продукцияны же

процессти жакшыртуу үчүн зарыл болгон, алардын функционалдык жана экономикалык талаптарына ылайыкталышына жана өндүрүшкө берүүгө даярдоого чейинки инженердик ишмердик, анын ичинде, өндүрүшкө жаңы киргизилген продукцияны берүүдө колдонулуучу чийме, спецификация, нускамаларды, колдонмолорду даярдоо. Мында өндүрүш үчүн деталдуу чиймелерди (көчүрмөлөрдү) даярдоо, өндүрүштүк пландаштыруу, кезектеги көзөмөл, кезектеги өндүрүштүн инженердик тейлөөсү, тажрыйбалуу өндүрүштөр тарабынан сериялуу продукцияны чыгаруу, сыртка продукция өндүрүү үчүн эксперименталдык шаймандарды пайдалануу жүргүзүлбөйт.

15. Илимий-техникалык иштеп чыгууларга мурунку изилдөөлөрдүн натыйжаларын пайдалануу менен каралган **курулуш үчүн долбоорлук иштердин** аныкталган түрлөрү да кирет (107-сап). Алардын курамына схемаларды жана башка материалдарды түзүү, экономика жана өнөр жай тармактарын өнүктүрүү жана жайгаштыруу, эксперименталдык долбоорлоштуруу, долбоорлук жана курулуштун ата-мекендик же чет өлкөлүк тажрыйбасын өздөштүрүү жана жалпылоо, курулуш менен архитектураны, смета нормативдерин долбоорлоштурууда жаңы документтерди жана стандарттарды иштеп чыгуу боюнча иштер кирет; өндүрүшкө прогрессивдүү технологиялык процесстерди, өндүрүштүк процесстердин жабдууларын, механизацияларын жана автоматтарын киргизүү үчүн долбоорлоштуруу иштери да кошулат. 107-сапка даярдоочу ишканалардын заказдары боюнча стандартташтырылбаган жабдууну долбоорлоштуруу боюнча иштерди аткаруу, имараттарды жана курулмаларды куруу жана капиталдык оңдоо үчүн документтерди даярдоо жөнүндө маалыматтар киргизилбейт; цехтерди, участокторду техникалык жактан кайра жабдуу жана калыбына келтирүүгө долбоорлор менен сметаларды иштеп чыгуу боюнча маалыматтар; имараттар менен курулмалардын ж.б. типтик долбоорлорунун курулуш аянттарына байланыштуу долбоорлук иштер киргизилбейт.

16. **Илимий-техникалык тейлөөлөргө** (108-сап) илимий-техникалык маалымат, патенттер, лицензиялар, стантартташтыруу тармагындагы ишмердик, метрология жана сапатты көзөмөлдөө, илимий-техникалык кеңеш берүү жана ишке киргизүү, ошондой эле илимий билимди жайылтуу жана колдонуу боюнча ишмердиктин башка түрлөрү кирет.

17. 109-сапта отчет берүүчү уюмдар илимий-техникалык иштердин курамына кирбеген иштердин башка түрлөрүн көрсөтүшөт. Бул иштер өндүрүш, калкка акылуу тейлөөлөрдү көрсөтүү, башка тараптарга коммерциялык тейлөө көрсөтүүгө, ж.б.ларга байланышкан иштер.

### №1 МААЛЫМКАТ

18. Маалымкатта илимий-техникалык иштерди (110-сап) аткаруу үчүн бардык негизги каражаттардын орточо жылдык наркы жөнүндө маалыматтар берилет, анын ичинде отчеттук жылдагы (111-сап) машина менен жабдуунун наркы. Тажрыйбалык-конструктордук илимий изилдөө иштерин (ТКИИИ) жүргүзүү үчүн пайдаланылган негизги каражаттардын наркынын жарымын кошуудан алынган сумманы 12ге бөлүүдөн чыккан сан жеке сан катары аныкталат, отчеттук жылдын 1-январына отчеттук жылдан кийинки 1-январдагы негизги каражаттардын наркынын жарымын кошуп, алынган сумманы отчеттук жылдын бардык айларынын (январдан башка) 1-күнүнө негизги каражаттардын наркын бөлүү аркылуу аныкталат.

## II БӨЛҮМ. Отчеттук жылдагы илимий изилдөөлөр менен иштеп чыгууларга болгон дүң чыгымдар

19. II бөлүмдө каражат келген булактарга карабастан, отчеттук жылдагы илимий изилдөөлөр менен иштеп чыгууларды (өздүк наркы боюнча) аткарууга кеткен чыгымдар жөнүндө маалыматтар берилет.

Чыгымдар боюнча маалыматтар «Негизги өндүрүш» эсеби боюнча жалпыланган маалыматтардын негизинде изилдөөлөр менен иштеп чыгууларга тиешелүү конкреттүү иштер боюнча маалыматтарды бөлүү, чыгымдардын түрлөрү жана илимдин тармактары боюнча топтору менен көрсөтүлөт. Отчеттук жыл ичинде аткарылган конкреттүү иштерди (темаларды) тигил же бул илим тармактарына кошуу нускаманын №2 таблицасында берилген тизмеге ылайык жүргүзүлөт.

Эл аралык тажрыйбага ылайык негизги фонддорду толук калыбына келтирүүгө болгон амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы ички чыгымдардын курамынан чыгарылып салынат. Бул амортизациялык чегерүүлөрдүн чоңдугун аныктоо учурунда кайталанып эсептелип калуудан сактайт. Отчеттук жылдагы негизги фонддорду толук калыбына келтирүүгө болгон амортизациялык чегерүүлөрдүн өлчөмү жөнүндө маалыматтар №2 маалымкатта өзүнчө берилет.

20. 201-сапта **дүң чыгымдар** б.а. илимий изилдөөлөр менен иштеп чыгууларды аткарууга кеткен чыгымдардын жалпы суммасы башка уюмдар-аткаруучулар аткарган (б.а. ички жана тышкы чыгымдар) эсепке алуу менен учурдагы капиталдык чыгымдар да кошо (негизги капиталга инвестициялар) эсепке алынат.

21. 202-сапта отчет берүүчү уюмдардын илимий изилдөө иштерин жана иштеп чыгууларды өз күчтөрү менен аткарууга кеткен **ички чыгымдары** эсепке алынат. Бул чыгымдарга отчет берүүчү уюмдар менен түзүлгөн жана 216-сапта эсепке алынган келишимдер боюнча башка уюмдар аткарган изилдөөлөр менен иштеп чыгуулардын наркы кирбейт.

22. 203-сапта капиталдык салымдарды эсепке албастан (негизги капиталга инвестициялар), отчет тапшыруучу уюмдардын изилдөө менен иштеп чыгууну өз күчтөрү менен аткарууга кеткен **кучурдагы ички чыгымдары** жөнүндө маалыматтар берилет.

23. 204-сапта тизмелик курамдагы кызматкерлердин эмгек акысына кеткен чыгымдар (бухгалтерия, кадрлык кызмат, материалдык-техникалык камсыздандыруунун ж.б. кызматкерлерин кошкондо), сый акылардын бардык түрлөрү кошо (анын ичинде атайын багыттагы жана максаттуу түшүүлөрдүн эсебинен), компенсациялардын бардык түрлөрү, кошумча акылар, өргүүгө жана социалдык жеңилдиктерге карата кошумча төлөмдөр көрсөтүлөт; эмгек акы төлөнүүчү чыгымдардын курамына кошумча иши барлардын да эмгек акысы кирет.

24. 205-сапта 204-сапта берилген эмгек акыга кетүүчү бардык чыгымдардын ичинен V бөлүмдүн 1-графасынын 501-сабында эсепке алынган (кошумча иши барларды жана жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдер боюнча иштегендерди кошпогондо) жана илимий изилдөөлөр менен иштеп чыгууларды аткарган кызматкерлердин эмгек акысын төлөөгө кеткен чыгымдар бөлүнүп көрсөтүлөт.

25. 206-сапта социалдык камсыздандыруу, медициналык камсыздандыруу, пенсияны камсыз кылуу фонддоруна, мыйзамдын белгиленген ченемдери боюнча аныкталган эмгек акы фондуна карата (камсыздандыруу төлөмдөрү эсептелбеген төлөнүүлөрдүн ошол түрлөрүнөн башка) сөзсүз түрдөгү чегерүүлөр пайыз менен чагылдырылат.

Ыктыярдуу медициналык камсыздандырууга жана жумушчу уюмдарынын ыктыярдуу камсыздандыруусунун башка түрлөрүнө мамлекеттик эмес пенсиялык фонддорго болгон чегерүүлөр продукциянын өздүк наркында киргизилбейт жана 206-сапта көрсөтүлбөйт.

26. 207-сапта атайын аспаптар, атайын куралдар, шаймандар, стендалар, аппараттар, механизмдер, түзүлүштөрдү жана конкреттүү теманы аткаруу үчүн керек болгон башка атайын жабдууларды алууга жана даярдоого кеткен чыгымдар, аны долбоорлоштурууга, ташууга, орнотууга, монтаждоого кеткен чыгымдар кошо келтирилет. Мындай чыгымдар келишимдер боюнча аткарылган иштердин өздүк наркынын эсебинен ишке ашырылат, ал эми алар бүткөндөн кийин калган тажрыйбалуу үлгүлөр, атайын жабдуулар, ошондой эле теманын үстүндө иштөө процессинде алынган же даярдалган тажрыйбалуу үлгүлөр, макеттер жана башка нерселер заказ берүүчүгө берилиши керек. Эгерде көрсөтүлгөн жабдуу жана нерселер буйрутма берүүчүгө кайрылып келбесе, анда тема аяктап калган кезде алар инвентаризацияланат жана наркына жараша уставдык фонддон бекер келген негизги же жүгүртмө каражаттардын курамына катталат.

27. 208-сапта 207-сапта көрсөтүлгөн жабдууга кеткен бардык чыгымдардын ичинен негизги фонддордун курамында эсепке алынган жабдууга кеткен чыгымдар бөлүнүп көрсөтүлөт.

207- жана 208-саптардын маалыматтары отчетто аларды алуу наркы боюнча (кошумча нарк салыгын эсепке алуу менен) кошумча төлөмдөр, тышкы экономикалык ортомчу уюмдарга төлөнгөн комиссиялык сыйлыктар, товардык биржа тейлөөлөрүнүн наркы, бажы салыгы кошо, башка уюмдардын күчтөрү менен ишке ашкан ташуу, сактоо жана жеткирүүгө кеткен чыгымдар көрсөтүлөт.

28. 209-сапта сырттан алынган чийки заттар, материалдар, комплекттелген буюмдар, жарым фабрикаттар, отун, бардык түрдөгү энергия, жаратылыш чийки заты, тышкы уюмдар аркылуу аткарылган өндүрүштүк мүнөздөгү иштер менен тейлөөлөр, табигый азаюунун нормасынын чегинде түшкөн материалдык ресурстардын жетишсиздигинен пайда болгон жоготуулар көрсөтүлөт.

29. 209-саптагы чыгымдарга 218-сапта эсепке алынган отчет берүүчү уюмдар менен болгон келишимдер боюнча тышкы уюмдар аткарган изилдөөлөр жана иштеп чыгуулардын наркы кирбейт.

30. 210-сапта илимий изилдөө жана иштеп чыгуулар менен байланышпаган жана 204, 206, 207, 209-саптарда эсепке алынбаган учурдагы чыгымдардын башка түрлөрү 210-сапта келтирилет. Мисалы, илимий уюмдар ээлеген аянттарды (имараттар, иштей турган жайлары) ижарага берүүгө кеткен чыгымдар.

31. 211-сапта илимий изилдөөл менен иштеп чыгууларды жүргүзүүгө кеткен **капиталдык чыгымдар** (негизги капиталга инвестициялар) эсепке алынат, аларга төмөнкүлөр кирет: 212-сапта – имараттарды куруу менен сатып алууга кеткен чыгымдар, илимий изилдөө менен иштеп чыгууларды жүргүзүүгө ылайыкталган имараттарга эң ири масштабдуу калыбына келтирүү, модернизация жана ондоо иштерин жүргүзүүгө кеткен чыгымдар; 213-сапта – негизги фонддордун курамына кирген жабдууну (207-сапта белгиленген атайын жабдуу сатып алууга кеткен чыгымдан тышкары) сатып алууга кеткен чыгымдар; 215-сапта илимий изилдөө менен иштеп чыгууларды жүргүзүүгө ылайыкталган жер участокторун сатып алуу чыгымдары; 217-сапта илимий изилдөө менен иштеп

чыгууларга байланыштуу башка капиталдык чыгымдар эсепке алынат. 211-сапта турак жай, социалдык-тиричилик багыттагы объектилерди ж.б. курууга кеткен, илимий изилдөө ишмердигине байланышпаган капиталдык чыгымдар эсепке алынбайт.

32. 218-сапта илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды уюштурууга кеткен **тышкы чыгымдар** эсепке алынат. Алардын курамына отчет берүүчү уюм менен түзүлгөн келишим боюнча башка уюмдар-аткаруучулар тарабынан аткарылган илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын наркы киргизилет.

33. I графада отчеттук жылдын башынан берки илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга кеткен чыгымдар боюнча маалыматтар берилет. 2-7-графаларда бул чыгымдар илимдердин тармактары боюнча бөлүштүрүлөт (№2 таблицада келтирилген топтоштурууга ылайык).

## №2 МААЛЫМКАТ

34. 219-сапта отчеттук жыл үчүн негизги фонддорду толук калыбына келтирүүгө амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы көрсөтүлөт, алардын баланстык наркына жана норманын белгиленген тартибинде бекитилгенине жараша чегерилген, мыйзамга ылайык өндүрүлгөн алардын активдүү бөлүгүнүн тездетилген

амортизациясы менен кошо берилет. Ижара шартында өз ишмердигин жүргүзүүчү уюмдар менчиктегидей эле негизги фонддордун ижарага берилгени боюнча да толук калыбына келтирүүгө болгон амортизациялык чегерүүлөр чагылдырылат.

35. Бюджеттик уюмдар 219-сапты толтурушпайт.

### III БӨЛҮМ. Иштердин түрү боюнча илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга учурдагы ички чыгымдар

36. 301-сапта 203-саптын маалыматтарына II бөлүмдүн бардык графалары боюнча барабар болгон изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга учурдагы ички чыгымдар берилет. Илимий-техникалык тейлөөлөр жана иштердин, тейлөөлөрдүн башка түрлөрү бул бөлүмдө эсепке алынбайт.

37. 301-саптын маалыматтары төмөндөгүдөй бөлүнөт: 302-сап - фундаменталдык изилдөөлөр; 303-сап - прикладдык изилдөөлөр; 304-сап - илимий-техникалык иштеп чыгуулар. 301-саптын маалыматтары 302, 303, 304-саптардагы суммаларга барабар болушу керек. Ички чыгымдардын иштердин түрлөрү (изилдөөлөрдүн багыттары) боюнча бөлүнүшү ушул сунуштаманын 11-17-пункттарында берилген аныктамаларга ылайык ишке ашырылат.

### IV БӨЛҮМ. Ички чыгымдардын изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга каржылоо булактары

38. Бөлүмдө жеке күчтөрү менен изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды аткарган отчет берүүчү уюмдардын каржылоо булактары боюнча ички чыгымдары чагылдырылат. Илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды каржылоонун булактары уюмдун каражатын - уюмдун буйрутмачысына - аткаруучусуна түз берүү фактысынын негизинде аныкталат.

Жалпысынан отчет берүүчү уюмдардын илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга пайдаланылган каражаттары же жеке каражаттарга, же ишмердигинин түрдүү секторунун тиешелүүлүктөрүнөн көз карандылыгынан сырткары башка уюмдардан алынган деп бөлүп кароо керек.

39. “Бардыгы” сабында илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга кенткен учурдагы (амортизациясыз) жана капиталдык чыгымдар кошулуп ички чыгымдардын суммасы берилет. 1-графиктеги маалыматтар II бөлүмдүн 1-графасынын 202-сабындагы маалыматтар менен барабар болушу керек.

40. 2-графада илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга республикалык бюджеттин каражаттарынын, ал эми 3-графада - илимий уюмдардан жана жогорку кесиптик окуу жайлардан (мындан ары - ЖКОЖ) түздөн-түз же буйрутмачылар менен келишим түзүү аркылуу алынган жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлгөн чыгымдар эсепке алынат.

41. 4-графада жогорку окуу мекемелер илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга ЖКОЖдорду кармоого бөлүнгөн (бюджеттин “агартуу чыгымдары” беренеси боюнча каражаттарынан) жалпы бюджеттик каражаттардын эсебинен аткарылган ички чыгымдарын чагылдырышат. Бул графада ЖКОЖдордун ушул максатта гана бөлүнгөн мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүүгө кеткен чыгымдар көрсөтүлбөйт.

42. 5-графада илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды аткарууга бюджеттен сырткы каражаттардын эсебинен кеткен чыгымдар көрсөтүлөт: экономиканы стабилдештирүү фонду, регионалдык өнүктүрүү фонду, илимий-изилдөө жана тажрыйбалуу-конструктордук иштердин жана башкалардын тармактык жана тармактар аралык бюджеттен сырткы фонддору.

43. 6-графада отчет берүүчү уюмдардын жеке каражаттарынын, анын ичинде, өндүрүштүк жана социалдык өнүктүрүү фонддорунун жана продукциялардын, иштердин жана тейлөөлөрдүн (4-графадагы ЖКОЖдорго эсепке алынган каражаттарынан башка) өздүк наркынын эсебинен илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүүгө кеткен чыгымдары эсепке алынат.

44. 7-графада буйрутмачынын каражаттарынын эсебинен илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды аткарууга кеткен чыгымдар чагылдырылат. Бул мамлекеттик сектордун, ишкерлик сектордун, жогорку билим берүү секторунун уюмдарынын (2-5-графада эсепке алынган каражаттардан башка) каражаттары болушу мүмкүн.

45. 8-графада мамлекеттин саясий чек арасынан сырткары турган юридикалык жана физикалык жактардан (илимий орнотуулар, соттор, улуттук уюмдарга таандык болгон учуучу аппараттар жана спутниктер кошпогондо) жана эл аралык уюдардан жана фонддордон алынган илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүүгө кеткен чыгымдар эсепке алынат.

46. Чет элдик валютада алынган каражаттар иштердин берүү-кабыл алуу актысынын же башка документтердин бүткөндүгүн аныктаган күндөгү же каражаттардын жеке эсепке келип түшкөн күндөгү Улуттук банктын расмий бекитилген курсу боюнча улуттук валютага алмаштырылып кайра эсептелет.

## V БӨЛҮМ. Илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды аткаруучу кызматкерлердин саны

47. V бөлүмдө отчеттук жылдын аягындагы абалы боюнча илимий-техникалык иштерди аткарган кызматкерлердин саны жөнүндө маалыматтар берилет. Аларга тизмелик курамда турган кызматкерлер кирет (жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдер боюнча иштеген адамдарды жана кошумча иши барларды кошпогондо).

48. Өз алдынча илимий-изилдөөчү, долбоорлук-конструкторлук, технологиялык уюмдар, курулуштун долбоорлук уюмдары, курамында илимий уюмдардын жогоруда аталган бардык бөлүктөрү болгон комплекстүү уюмдар, ошондой эле илимий тейлөө уюмдары 1-графада отчеттук жылдын аягындагы тизмелик курамда турган негизги ишмердиктеги кызматкерлердин санын көрсөтүшөт.

49. Илимий-изилдөө жүргүзүүчү бөлүмчөлөрү бар жогорку окуу жайлар (илимий-изилдөө институттары ж.б.) 1-графада отчеттук жылдын аягындагы абал боюнча өз илимий-изилдөө бөлүмчөлөрүндөгү кызматкерлердин тизмелик санын көрсөтүшөт. Эгер ЖОЖдордун адистештирилген бөлүмчөлөрү жок болуп, бирок алар өз кафедраларында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүшсө (келишимдердин негизинде кафедралык пландар боюнча), анда алар педагогикалык ишмердик менен катар илимий-техникалык иштерди аткарган илимий-педагогикалык кызматкерлердин тизмелик саны жөнүндө маалыматтарды 6-графада гана көрсөтүшөт.

50. Өнөр жай ишканаларындагы илимий-изилдөө бөлүмчөлөрү жана «Изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар» экономикалык ишмердигинин түрлөрү менен илимий-техникалык иштерди аткаруучу башка уюмдар 1-графада бул түзүмдүк бирдиктердин жана уюмдардын кызматкерлеринин тизмелик санын көрсөтүшөт.

51. 1-6-графаларына башка уюмдардан кабыл алынган кошумча иши барлардын саны жана жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдер боюнча иштегендердин саны киргизилбейт. Бир уюмда эки, бир жарым ставка менен иштеген кызматкер ушул уюмда ички кошумча кызматкер катары да катталган болсо, кызматкерлердин тизмелик курамындагы санында эсепке алынып, кошумча иши барлардын санына кирбейт.

52. 2-графада көрсөтүлгөн **изилдөөчү адистердин** санына уюмдар илимий-изилдөө жана иштеп чыгууларды професионалдуу түрдө жүргүзүүчү жана жаңы билимдерди, продуктуларды, процесстерди, ыкмаларды жана тутумдарды, ошондой эле ишмердиктин көрсөтүлгөн түрлөрү менен башкарууну түзүүнү түздөн-түз ишке ашыруучу адистерди киргизишет. Изилдөөчү адистердин бүтүргөн жогорку билими бар.

Кызматкерлердин бул категориясына изилдөө процессине түздөн-түз жетекчилик кылган административдик-башкаруучу персоналдар (анын ичинде, илимий изилдөөлөр менен иштеп чыгууларды аткаруучу илимий уюмдар менен бөлүмчөлөрдүн жетекчилери), ошондой эле илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө түздөн-түз катышкан аспиранттар кирет.

53. 3-графада техник адистердин саны эсепке алынат. Аларга изилдөөчүлөрдүн жетекчилиги алдында техникалык функцияларды аткарып, илимий-изилдөөлөр менен иштеп чыгууларды жүргүзүүгө катышкан кызматкерлер кирет (илимий шаймандарды, лабороториялык жабдууларды, эсептөө техникаларын, материалдарды, чиймени даярдоо, эксперимент, тажрыйба жана анализ жүргүзүүнү ж.б. пайдалануу жана тейлөө). Бул категорияга, негизинен, атайын (кесиптик) орто билими бар жана (же) өтө керектүү кесиптик тажрыйбасы жана билими бар адамдар кирет. Техниктердин толук же толук эмес жогорку билими болушу мүмкүн.

54. 4-графада **кошумча кызматкерлер** эсепке алынат, аларга илимий-техникалык иштер менен тейлөөлөрдү жүргүзүүгө байланыштуу кошумча милдеттерди аткаруучу кызматкерлер; экономикалык-пландык, финансы бөлүмчөлөрүнүн, илимий-техникалык маалымат бөлүмчөлөрүнүн, илимий-техникалык китепканалардын, патенттик кызматтардын кызматкерлери, ошондой эле илимий жабдуу менен шаймандарды монтаждоо, калыптандыруу, тейлөө жана ондоо; тажрыйбалуу (эксперименталдык) өндүрүш кызматкерлери; жогорку жана атайын орто билими жок лаборанттар кирет.

55. 5-графада чарбада тейлөө жүргүзүүчү жана жалпысынан уюмдун ишмердигине байланыштуу жалпы мүнөздөгү милдеттерди аткаруучу башка кызматкерлер эсепке алынат (бухгалтерия, кадрлар кызматы, кеңсе, техникалык жактан тейлөө бөлүмчөлөрүнүн (маркетинг) кызматкерлери, машинисткалар ж.б.).

56. 6-графада жогорку окуу жайлары илимий-изилдөө бөлүмчөлөрүнүн штатында катталбаган, бирок ЖОЖдордун илимий иштеринин планы боюнча же келишимдердин негизинде бекитилген кафедраларында (анын ичинде, илимий-педагогикалык ишмердик менен катар) илимий-изилдөөлөр менен иштеп чыгууларды жүргүзүүчү ЖОЖдордун илимий-педагогикалык кызматкерлеринин саны эсепке алынат.

57. 503-сапта толук жогорку билими бар кызматкерлер эсепке алынат, анын ичинен, 505- жана 507-саптарда илимдин доктору же кандидаты деген илимий даражасы бар адистердин саны көрсөтүлөт. 509-сапта толук орто кесиптик жана толук жогорку билимдүү кызматкерлердин санын көрсөтүү керек. 511-сапта орто же толук эмес орто кесиптик билимдүү башка кызматкерлердин саны көрсөтүлөт.

## №3 МААЛЫМКАТ

58. Илимий-изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүүчү кызматкерлердин тизмелик саны жөнүндө маалыматтар бир жылда орточо эсеп менен 47-нускаманын пунктунда көрсөтүлгөн кызматкерлер боюнча көрсөтүлөт.

### VI БӨЛҮМ. Илимий изилдөө менен иштеп чыгууларды аткаруучу кызматкерлердин квалификациялык-жаш курактык курамы

59. Бөлүмдүн маалыматтары кошумча иши барларды жана жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдер менен иштеген адамдарды эсепке албаганда, уюмдун тизмелик курамында катталган кызматкерлер боюнча берилет.

60. 2-6-графаларда адистердин толук жаш курагынын саны боюнча аныкталган жашы көрсөтүлөт. Маалыматтар өздүк курамды алгачкы эсепке алуу карточкасынын негизинде берилет.

61. 2-6-графалардын бардык саптарындагы маалыматтардын суммасы 1-графанын маалыматтарына барабар болушу керек.

62. 1-графанын 601-сабында берилген илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды аткарган кызматкерлердин отчеттук жылдын аягына саны жөнүндө маалыматтар V бөлүмдүн 1-графасынын 501-сабындагы тийиштүү маалыматтарга барабар болушу керек; 1-графанын 602-604-606-саптарындагы маалыматтар V бөлүмдүн 2-графасынын 501-505-507-саптарындагы тийиштүү маалыматтар менен барабар болушу керек.

### VII БӨЛҮМ. Изилдөөчү адистердин илим тармагы боюнча бөлүштүрүү (отчеттук жылдын аягына)

63. Изилдөөчү адистерди бөлүштүрүү алардын аткарган иштеринин тематикасынын негизинде ишке ашырылат.

64. 701-сапта берилген 702-725-саптардагы изилдөөчүлөрдүн саны илимдин төмөндөгүдөй ирилештирилген тармактары боюнча бөлүштүрүлөт: табигый илимдер (702-сап), техникалык илимдер (709-сап), медициналык илимдер (710-сап), айыл чарба илимдери (711-сап), коомдук илимдер (712-сап), гуманитардык илимдер (720-сап).

Илимдин тийиштүү чөйрөлөрүнө кирген илимдин конкреттүү жана айрым тармактарынын тизмеги №2 таблицада берилди. Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Жогорку аттестациялык комиссиянын жана Улуттук Илимдер Академиясынын 1995-жылдын 9-ноябрындагы №8 с/с - 3/1 буйругу менен бекитилген Илимий кызматкерлердин адистиктеринин номенклатурасын колдонууга алуу сунушталат.

65. 1, 2, 3, 4, 5, 6-графалардын 701-сабындагы маалыматтар V бөлүмдүн 2-графасынын 501, 502, 506, 507, 508-саптарындагы маалыматтар менен дал келүүсү керек.

66. 3, 4, 5, 6-графалардын 701-сабындагы маалыматтар VI бөлүмдүн 1-графасынын 604, 605, 606, 607-саптарындагы маалыматтар менен дал келүүсү керек.

67. 1, 2-графалардын 701-сабындагы маалыматтар VI бөлүмдүн 1-графасынын 602, 603-саптарындагы маалыматтар менен дал келүүсү керек.

**№2 таблица**

## ИЛИМДИН ТАРМАКТАРЫ

(Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Жогорку аттестациялык комиссиянын жана Улуттук Илимдер Академиясынын 1995-жылдын 9-ноябрындагы №8 с/с - 3/1 буйругуна ылайык)

| Илим чөйрөсү | Илим тармактары | Илим тармактарынын коддору |
|---|---|---|
| 1 | 2 | |
| **Табигый илимдер** | Математика<br>Механика<br>Физика<br>Астрономия<br>Химия<br>Фармацевтикалык химия/<br>Биологиялык илимдер<br>Психофизиология<br>Геолого-минералогиялык илимдер<br>Географиялык илимдер<br>(экономикалык жана социалдык<br>географиядан башкасы 11.00.02) | 01.0100<br>01.02.00<br>01.04.00<br>01.03.00<br>02.00.00<br>15.00.02<br>03.00.00<br>19.00.02<br>04.00.00<br>11.00.00 |
| **Техникалык илимдер** | Техникалык илимдер<br>Имараттардын жана курулуштардын архитектурасы | 05.00.00<br>18.00.02 |
| **Медициналык илимдер** | Медицина илимдери<br>Фармацевтикалык илимдер<br>фармацевтикалык химиядан башкасы | 14.00.00<br>15.00.00<br>15.00.02 |
| **Айыл чарба илимдери** | Айыл чарба илимдери<br>Ветеринардык илимдер | 06.00.00<br>16.00.00 |
| | | |
| | | |
| | | |

| Илим чөйрөсү | Илим тармактары | Илим тармактарынын коддору |
|---|---|---|
| 1 | 2 | |
| **Коомдук илимдер** | Экономикалык илимдер | 08.00.00 |
| | Юридикалык илимдер | 12.00.00 |
| | Педагогикалык илимдер | 13.00.00 |
| | Психологиялык илимдер (психофизиологиядан башкасы 19.00.02) | 19.00.00 |
| | Социалдык илимдер | 22.00.00 |
| | Саясий илимдер | 23.00.00 |
| | Башка коомдук илимдер: | |
| | - экономикалык жана социалдык география | 11.00.02 |
| | - шаар куруу, райондук пландоо, ландшафттык архитектура жана айыл чарбалык калктуу жерлерди пландоо | 18.00.04 |
| **Гуманитардык илимдер** | Тарыхый илимдер | 07.00.00 |
| | Философиялык илимдер | 09.00.00 |
| | Филологиялык илимдер | 10.00.00 |
| | Искусство таануу | 17.00.00 |
| | Архитектуранын теориясы жана тарыхы, архитектура эстеликтерин жаңылоо | 18.00.01 |

*Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун*
*социалдык статистика бөлүмү*
*тел 66-40-40, 32-46-52*